КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ФИНАНСЫ РЫНОГУН ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ КЫЗМАТЫ

СЛУЖБА РЕГУЛИРОВАНИЯ И НАДЗОРА ЗА ФИНАНСОВЫМ РЫНКОМ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Б У Й Р У К
П Р И К А З

24.10.2025. № 579-П

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдүн иши жөнүндө отчеттуулукту бекитүү тууралуу**

“Виртуалдык активдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Виртуалдык активдерди жүгүртүүдөн келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салуу маселелери жөнүндө” 2022-жылдын 16-сентябрындагы №514 токтомуна ылайык, буйрук кылам:

1. Виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүлөрүнүн ай сайынкы отчеттуулугунун формасы ушул буйруктун 1/о – 6/о жана 1/б – 4/б тиркемелерине ылайык бекитилсин.

2. Виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүлөрү Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматына (мындан ары – Финкөзөмөл) ушул буйруктун 1-пунктунда көрсөтүлгөн отчеттуулукту квалификациялуу электрондук санариптик кол тамгасы менен күбөлөндүрүлгөн PDF, Excel форматындагы электрондук түрдө берүүсү белгиленсин.

3. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору ай сайын, отчеттук айдан кийинки айдын 5-нен кечиктирбестен Финкөзөмөлгө ушул буйруктун 1/о – 6/о тиркемелерине ылайык отчеттуулукту берүүсү зарыл.

4. Виртуалдык активдердин соодасынын операторлору ай сайын, отчеттук айдан кийинки айдын 5-нен кечиктирбестен Финкөзөмөлгө ушул буйруктун 1/б - 4/б тиркемелерине ылайык отчеттуулукту берүүсү зарыл.

5. Виртуалдык активдердин алмаштыруу операторлору квартал сайын, отчеттук квартал аяктаган күндөн кийинки 10 жумуш күндөн кечиктирбестен Финкөзөмөлгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 токтому менен бекитилген Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши жана виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестрин жүргүзүү жөнүндө жобонун 37-пунктуна ылайык кварталдык отчеттуулукту берүүсү зарыл.

6. Виртуалдык активдердин соодасынын операторлору квартал сайын, отчеттук квартал аяктаган күндөн кийинки 10 жумуш күндөн кечиктирбестен, Финкөзөмөлгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 токтому менен бекитилген Виртуалдык

активдердин тооругунун операторунун (криптобиржанын) иши жана виртуалдык активдердин тооруугунун операторлорунун (криптобиржанын) реестрин жүргүзүү жөнүндө жобонун 90-пунктуна ылайык кварталдык отчеттуулукту берүүсү зарыл.

7. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору жыл сайын, жаңы финансылык жыл башталгандан тартып 105 (жүз беш) күндөн кечиктирбестен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 токтому менен бекитилген Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши жана Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестрин жүргүзүү жөнүндө жобонун 38-пунктуна ылайык, Финнадзорго аудитордук корутундунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн финансылык отчеттуулук жана аудитордун виртуалдык активдерди алмашуу операторунун жетекчилигине жазган каты менен бирге берүүгө зарыл.

8. Виртуалдык активдер менен торугун операторлору жыл сайын, жаңы финансылык жыл башталгандан тартып 105 (жүз беш) күндөн кечиктирбестен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 токтому менен бекитилген Виртуалдык активдер тооругунун операторунун (криптобиржанын) иши жана Виртуалдык активдер тооругунун операторлорунун (криптобиржалардын) реестрин жүргүзүү жөнүндө жобонун 90-1-пунктуна ылайык, Финнадзорго аудитордук корутундунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн финансылык отчеттуулук жана аудитордун виртуалдык активдер менен соода жүргүзүү операторунун жетекчилигине жазган каты менен бирге берүүгө зарыл.

9. Уюштуруу жана кадрдык иштер бөлүмү бул буйрук менен виртуалдык активдер рыногун көзөмөлдөө, контролдоо жана мониторинг жасоо жана баалуу кагаздар жана виртуалдык активдер рынокторун жөнгө салуу бөлүмдөрү менен тааныштырсын.

10. Виртуалдык активдер рыногун көзөмөлдөө, контролдоо жана мониторинг жасоо бөлүмү бул буйрукту аткарууга алсын.

11. Финкөзөмөлдүн 2024-жылдын 18-февралындагы № 88-п "Виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүлөрүнүн операциялары тууралу отчеттуулугу жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

12. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Финкөзөмөлдүн төрагасынын орун басары А.Дж. Мурзатаевага жүктөлсүн.

## Об утверждении отчетности по деятельности поставщиков услуг виртуальных активов

В соответствии с Законом Кыргызской Республики «О виртуальных активах» и постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О вопросах регулирования отношений, возникающих при обороте виртуальных активов» от 16.09.2022 №514, **приказываю:**

1. Утвердить форму ежемесячной отчетности поставщиков услуг виртуальных активов согласно Приложениям 1/о – 6/о и 1/б - 4/б к настоящему Приказу.

2. Установить, что поставщики услуг виртуальных активов предоставляют в Службу регулирования и надзора за финансовым рынком (далее – Финнадзор) отчетность, указанную в пункте 1 настоящего приказа в электронной форме в формате PDF, Excel, заверенную квалифицированной электронной цифровой подписью.

3. Ежемесячно, не позднее 5 числа месяца, следующего за отчетным месяцем, операторам обмена виртуальных активов предоставлять Финнадзор отчетность, согласно Приложениям 1/о – 6/о настоящего Приказа.

4. Операторам торгов виртуальных активов ежемесячно, не позднее 5 числа месяца, следующего за отчетным месяцем, предоставлять в Финнадзор отчетность, согласно приложениям 1/б - 4/б настоящего Приказа.

5. Ежеквартально, не позднее 10 рабочих дней после даты окончания отчетного квартала, операторам обмена виртуальных активов предоставлять в Финнадзор квартальную отчетность, согласно пункту 37 Положения о деятельности оператора обмена виртуальных активов и ведении Реестра операторов обмена виртуальных активов, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 16 сентября 2022 года № 514.

6. Ежеквартально, не позднее 10 рабочих дней после даты окончания отчетного квартала, операторам торгов виртуальных активов предоставлять в Финнадзор квартальную отчетность, согласно пункту 90 Положения о деятельности оператора торгов виртуальных активов (криптобиржи) и ведении Реестра операторов торгов виртуальных активов (криптобирж), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 16 сентября 2022 года № 514.

7. Ежегодно, не позднее 105 (ста пяти) дней с начала нового финансового года, операторам обмена виртуальных активов предоставлять в Финнадзор заверенную копию аудиторского заключения вместе с финансовой отчетностью и письмом аудитора к руководству оператора обмена виртуальных активов, согласно пункту 38 Положения о деятельности оператора обмена виртуальных активов и ведении Реестра операторов обмена виртуальных активов, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 16 сентября 2022 года № 514.

8. Ежегодно, не позднее 105 (ста пяти) дней с начала нового финансового года, операторам торгов виртуальных активов предоставлять в Финнадзор заверенную копию аудиторского заключения вместе с финансовой отчетностью и письмом аудитора к руководству оператора торгов виртуальных активов, согласно пункту 90-1 Положения о деятельности оператора торгов виртуальных активов (криптобиржи) и ведении Реестра операторов торгов виртуальных активов (криптобирж), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 16 сентября 2022 года № 514.

9. Отделу организационной и кадровой работы ознакомить с настоящим приказом отдел надзора, мониторинга и контроля за деятельностью поставщиков услуг виртуальных активов и отдел регулирования рынка ценных бумаг и виртуальных активов.

10. Отделу надзора, мониторинга и контроля за деятельностью поставщиков услуг виртуальных активов принять к исполнению данный приказ.

11. Признать утратившими силу приказ Финнадзора от 18 февраля 2024 года № 88-п «Об ежемесячной отчетности по операциям поставщиков услуг виртуальных активов».

12. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя председателя Финнадзора А.Дж. Мурзатаеву.

**Төрага** **М.Т. Пирназаров**